**“Бекитемин”**
К.Карасаев атындагы БГУнун илимий, эл аралык байланыштар жана мамлекеттик тил боюнча проректору, ф.и.д., проф. Г. М. Мурзахмедова

______________________________

“ 6 ” 12 2017-жыл

Кунекова Турсын Мырзабековнанын “Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу окуучулардын окурмандык кызыгуусун калыптандыруунун методикалык негиздери” деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына карата **жетектөөчү илимий мекеменин**

# Р А С М И Й  П И К И Р И

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:** Азыр маалымат булактарынын көптүгүнө байланыштуу жаштардын, өзгөчө мектеп окуучуларынын адабий чыгармаларды окуу, алар аркылуу коомдук-социалдык турмушту таануу кызыкчылыктары солгундап бара жатат. Китеп дүйнөсүн, өзгөчө көркөм чыгармаларды таанып-билүү кызыкчылыктарынын начарлашы жарандын жан дүйнөсүнүн толук, турмуш талап кылган деңгээлде өсүп жетилүүсүнө да доо келтирип жатканы байкалат. Бул диссертациялык иш коомчулукта түзүлгөн мындай маселелерди өз мезгилинде туура баамдап, конкреттүү чыгарманы окуп-билүү аркылуу улуттун тилин, адабий-фольклордук жана маданий баалуулуктарын жеткиликтүү өздөштүрүп, учурда педагогика илими талап кылган ар бир баланын инсандыгынын калыптанышына жана өнүгүшүнө тикелей таасирин тийгизүүчү факторлор менен мамиле этүү проблемаларын түзүүчү кырдаалды туура аныктай алган. Азыркы шартта бардык мектеп окуучулары негизги маалыматты интернет булактарынан алып, уюлдук мобилдүү байланышты башкы орунга койгондуктан, улуттук көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдү кармап келген адабий чыгармаларга карата мамиленин мазмуну өзгөрүп, чыныгы арулукту, улут калыптандырган нарк-насилдин, руханий дөөлөттөрдүн адеп-ахлактык табиятын айырмалоо кескин начарлаган болсо, бул маселени кечиктирбей изилдөө, аны коомчулуктан четтетүү зарылдыгынын көтөрүлүшү иштин актуалдуу экенин аныктайт.

Мындай маселени чечүү үчүн улуттук көркөм чыгармалар эле маанилүү роль ойнобойт, андай шартта окурмандык чөйрөгө кызыктуу, коомчулукка таанымал, баарыга түшүнүктүү, ошол эле мезгилде талашып-тартышууга өбөлгө түзө алган сүрөткердин чыгармаларына токтолуу да маңыздуу болуп саналат. Ырас, ишти аткарууда Ч.Айтматовдон башка жазуучунун чыгармаларын деле алса болмок, бирок коомдук-социалдык чөйрөгө таанымал, адабий-эстетикалык жагынан түрдүү пикирлер менен өз баасын алган, ар кыл философиялык кырдаалдар менен айкалышып, дүйнөлүк адабият таануу илиминде өзгөчө түшүндүрмөлөр менен коштолгон кыргыз жазуучусунун чыгармаларына токтолушу Т.М.Кунекованын изилдөө ишин бир кыйла жеңилдеткени байкалат. Изденүүчү окуучулардын кызыгуусун калыптандырууда Ч.Айтматовдун чыгармаларын алуу менен азыркы мезгил үчүн актуалдуу болгон көп кырдуу маселенин методологиялык принциптерин туура аныктайт, б. а. адабий чыгармаларды историзм принцибинде кароого, ар бир чыгарманын жаралуусуна себеп болгон табиятын, тарыхый жактан жаралуу, өсүп-өнүгүү жана калыптануу процессинин ролун таанууга, улуттук тарых менен байланыштырып талдоого алууга, чыгарманын жанрдык, сюжеттик өзгөчөлүгү, жанр катары өнүгүшүндө кайсы тарыхый доорлорду, баскычтарды басып өткөнүн, кайсы белгилүү тарыхый көрүнүш болгонун карап, бүгүн ошолор кантип өзгөрдү, көркөм чыгармада ал маселелер кандай даражада чагылдырылганын өз алдынча талдоого жол ачып берет. Объектиге мамиле кылууда бири-биринен кескин айырмаланып турган адабий чыгармачылыктын ордун, касиетин аныктоо, окуучунун дүйнө кабылдоосун калыптандыруу үчүн адабий ойлоону типтештирүү, анын окуу процессиндеги мүнөздүү белгилер аркылуу аныкталышы **диссертациянын темасынын актуалдуулугун** көрсөтүп турат.

**2. Изилдөөнүн илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштардын негизделишинин даражасы.**

Диссертацияда иштелип чыккан илимий жоболордун, жалпы жыйынтыктардын жана практикалык сунуштардын негизделишинин даражасы эксперименталдык тажрыйбалык иштердин жалпы жыйынтыктарын статистикалык негизде анализдөө менен камсыз кылынган. Ошону менен бирге педагогиканын, психологиянын, адабиятты окутуу методикасынын теориялык жоболорунун изилдөөнүн практикалык аспектилери менен ички өз ара байланыштары ишке ашырылгандыгы диссертацияда баса белгиленген.

Диссертациянын структуралык түзүмү ага карата коюлган милдеттерге дал келип, алардын ар биринин чечилиши логикалык ырааттуулукта, удаалаштыкта көрсөтүлгөн. Диссертациялык иш киришүү, үч глава, корутунду, пайдаланылган

адабияттардын тизмеси жана кошумча тиркеме, таблицалар менен сүрөттөрдөн турат. Диссертациянын негизги көлөмү талапка жооп берет (135 бет). Иштин киришүүсүндө теманын актуалдуулугу белгиленет, б. а. аталган теманы изилдөөгө зарыл болгон маселелер, изилдөө багыттары, аныкталган теориялык жана практикалык проблемалар, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изилдөөнүн жыйынтыктарынын аппробацияланышы тууралуу жалпы маалыматтар айтылат.

Иштин 1-главасы **"Ортоңку жана жогорку класс окуучуларынын көркөм текстке карата окурмандык кызыгуусун калыптандыруунун илимий негиздери"** деп аталып, анда көркөм чыгарманын тексттин жеткиликтүү өздөштүрүүгө карата окурмандын кызыгуусун кантип калыптандырууга боло турган кырдаалдарды аныктоо менен ар бир окуучунун элестүү ойлоо жана аны башкаларга жеткире билүүнүн илимий-теориялык мазмуну такталып, практикада аткарылуучу методикалык табияты ачыкталат. Мында негизги маселе Ч.Айтматовдун чыгармаларынын мисалында алынганы менен изденүүчү иште окуучунун окурмандык кызыгуусун пайда кылуучу факторлорго байланыштырып эстетикалык табитти бийик деңгээлге жеткирүүчү педагогикалык-психологиялык шарттар кеңири талданат. Алгач окуу процессинде окурмандык кызыгуу менен түздөн-түз катышта турган илимий түшүнүктөр такталып, алардын ар бирине мүнөздөмө берилип, алардын баланын кызыкчылыгына, турмуштук керектөөсүнө өсүп жетилген шартта гана орчундуу касиетке айланып, окуучуну китеп окууга кызыктыруу бир катар социумдук проблемаларды өз алдынча чечүүгө жол ачып берүүчү багыттар да ушул главада кепке тартылат. Диссертациялык ишти изилдөөдө биринчи милдет катары коюлган Ч.Айтматовдун чыгармаларынын Казакстанда окулушунун абалын аныктоодо изденүүчү окуу программалары менен окуу китептеринде орун алган абалды педагогикалык чөйрөгө алып чыгат. Ал өлкө ичинде окутулуп жаткан окуу китептеринде Ч.Айтматовдун чыгармаларынын жайгашуусу класстар боюнча белгиленип, сааттык катышы көрсөтүлөт да, окуучунун окурмандык кызыгуусуна жолтоо болгон жана аны өркүндөтүүгө негиз берүүчү психологиялык кырдаалдар аркылуу бала өздөштүрүүгө мүмкүн болгон методикалык система түзүлөт. Ал чыгарманы турмуш менен байланыштырган тематикада түзүлүп, ал эми талдоо иштери чыгарманын коомдук-социалдык шарттарда аткарган кызматына карай жүргүзүлүп, проблемаларды историзмдин принциптеринин типологиясында аныктоого көңүл бурулуп, аларга мүнөздүү критерийлерди белгилөө иш чаралары менен коштолот. Ошондой эле жазуучу тарабынан жазылган ар бир чыгармада жанрдын жаңылануусунда ага себеп болгон тарыхый кырдаалдарга илимий-теориялык жактан баа берүүгө окуу программасындагы сааттар жетишсиз болгондуктан, изденүүчү класстан

тышкаркы убакытты туура пайдаланууга аракеттенип, анда кандай илимий-практикалык иштерди аткарууга карата мүмкүн экендигине карай өзүнүн айрым байкоолорун системалаштырат.

Бул ойлор иштин экинчи главасында "**Ортоңку жана жогорку класс окуучуларынын Ч.Айтматовдун чыгармаларына болгон кызыгууларын калыптандыруунун модели**" деген аталышта иштелип чыгат. Сунуш кылынган модель окуу процессинде окуучунун сезимин ойготууга багытталып, адабий чыгарма аркылуу турмуш чындыгын элестүү кабылдоого, жазуучу иштеп чыккан каармандын жан дүйнөсү аркылуу азыркы жарандын бейнесин түзүүгө багыт берет. Ал эми изденүүчү жарандык коомдун жаңылануусун эске алып, мугалимге сабак өтүүдө жаңычыл принциптерди колдонуу зарылдыгын милдеттендирет. Проблеманы бул багытта кароо сабакка жаңычыл түс берүү менен бирге чыгарманы талдоодо субъектилердин (окуучу менен окуучунун, окуучу менен мугалимдин) өз ара мамилеси кандай болушу керектигине, анын мазмуну турмушта кандай милдеттерди чечүүгө мүмкүн экендигине байланышкан шартта жеткиликтүү аныкталат. Изденүүчүнүн аракети проблеманы учурдун талабына негиздөө менен коштолуп, ал тарыхый өзгөрүштөр, белгилүү бир шартта пайда болгон конкреттүү тажрыйбалар менен байланышта казак мектептеринде окутулуп жаткан башка акын-жазуучулар менен салыштырылып берилет. Иштин үчүнчү главасында иштелип чыккан моделди реалдуу шартта жүзөгө ашыруучу кырдаалдар талдоого алынып, "**Педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыктары**" деген аталышта жалпылаштырылат. Талапка ылайык ал педагогика илиминин азыркы жетишкендиги аныктаган шартта аткарылып, үч этапта жүргүзүлөт. Анда иш аткаруу үчүн өз мазмунуна камтыган бир катар милдеттер коюлуп, окуучунун көркөм чыгарманы окуп, түшүнүү көндүмдөрүнүн абалын аныктоодон тартып, алардын Ч.Айтматовдун чыгармаларын өздөштүрүүсүнө жолтоо болгон жагдайлар менен окуучунун кызыгуусун арттырган ири табылгалар эксперименттерден келип чыккан көрсөткүчтөргө таянуу аркылуу түшүндүрүлөт. Талдоо менен берилген пайыздык көрсөткүчтөр логикалык жактан ынанымдуу, б. а. окуучунун окурмандык кызыгуусун пайда кылуучу анкеталык суроолор Ч.Айтматовдун конкреттүү чыгармасына байланыштырылып түзүлүп, алардын жаралган доору, жанрдын ички өнүгүүсү, сюжеттик курамы, идеясы жана тематикасы, багыты, образдар системасы бул иште комплекстүү изилдөөгө багыт алынган шарттар менен коштолот.

Корутунду бөлүмдө изилдөө иши боюнча жүргүзүлгөн эксперименталдык жумуштардын жалпы жыйынтыктары, алар боюнча чыккан корутундулар жана практикалык сунуштар айтылган.

Изилдөөнүн акырында адабияттардын тизмеси жана тиркемелер орун алган. Тиркемелерде окутуу иштерин жакшыртуу үчүн иштелип чыккан методдор, педагогикалык жана илимий-методикалык каражаттар, таблицалар сунушталган. Аларда тажрыйбалык-эксперименталдык иштердин мазмуну, натыйжалары, педагогикалык иш-тажрыйбалар жалпылаштырылып, керектүү жыйынтык-корутундуларды чыгарууга негиз болуучу материалдар берилген.

**3.Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси.**

1) Ч.Айтматовдун чыгармаларына карай окуучулардын окурмандык кызыгуусу Казакстанда кандай экендигин аныктап, анын мисалында казак жана орус мектептеринде адабий чыгармаларды окутуунун деңгээлин, ар бир чыгарманы өздөштүрүүгө карата коюлган азыркы мезгилдеги талаптарды ача алгандыгы менен түшүндүрүлөт; 2) Окуучулардын көркөм чыгармаларды туура аңдаштырууга жолтоо болгон жагдайлар менен жаш муундардын окурмандык кызыгуусун, эстетикалык табитин ойготууга себеп болгон кырдаалдарды аныктап, аны чечүү жолдорун ачыктап, методикалык системасын ишке ашыруунун моделин түзүп бере алгандыгында турат; 3) Бул иштерди аткарууда изденүүчүнүн сабакты оптималдуу уюштуруунун жана өткөрүүнүн иштелмелери түзүлүп, көркөм чыгарманы реалдуу турмуш менен байланыштыруунун жол-жоболору системага салынган; 4) Мугалимдерге жардам катары класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун жана кошумча окуу иш чараларын өткөзүүнүн иштелмелери, анда колдонуучу адабияттар, кино, видеоматериалдар топтоштурулуп, педагогикалык чөйрөгө сунушталган.

**4.Изилдөөнүн практикалык баалуулугу:**

Изилдөөдөн алынган натыйжалар, иштелип чыккан илимий-педагогикалык жоболор Кыргызстан жана Казакстандын мектептеринде адабиятты окутуу иштеринде колдонулат. Диссертациянын мазмунунда айтылган ойлор, изденүүчү коргоого алып чыккан моделдер менен окутуунун методикасы азыркы окуу процессинде адабиятты окутуу боюнча лекцияларда, адабият сабактарында, “филологиялык билим берүү” багыттарында практикалык иш чараларды уюштурууда, семинарларды өтүүдө пайдаланылат. Педагогикалык кесиптик билим берүүдө адабий чыгармалардын мазмунун таанып-билүүдө окурмандык кызыгууну аныктоодо жана өркүндөтүүдө пайдаланууга болот.

Изденүүчүнүн **жеке салымы** катары мына буларды белгилөөгө болоор эле:

Ч.Айтматовдун чыгармаларына карай окуучулардын окурмандык кызыгуусу Казакстанда кандай экендигин аныктап, анын мисалында казак жана орус мектептеринде адабий чыгармаларды окутуунун деңгээлин, ар бир чыгарманы өздөштүрүүгө карата коюлган азыркы мезгилдеги талаптарды ача алгандыгы алгач ирет иликтөөгө алынып, тыянактары чыгарылган. Изденүүчү тарабынан Ч.Айтматовдун чыгармаларына карай окуучулардын окурмандык кызыгуусун калыптандыруунун зарылдыктары менен окутуунун дидактикалык принциптери, парадигмасы, окутууда чыгарманы баалоонун мааниси, критерийлери менен формалары өз алдынча иштелип, эксперименттик текшерүүдөн өтүп, сыноо жумуштары изденүүчүнүн катышуусу жана көрсөтмөсү боюнча жүргүзүлүп, жалпы корутунду менен сунуштар чыгарылгандыгы менен түшүндүрүлөт.

**5.Авторефераттын диссертациянын мазмуну менен дал келиши.**

Диссертациялык иш киришүү, үч глава, корутунду, пайдаланылган адабияттардын тизмеси жана кошумча тиркеме, таблицалар менен сүрөттөрдөн турса, автореферат диссертациянын мазмунун толук чагылдырган. Изилдөөнүн милдеттеринин чечилиши авторефератта главалар боюнча так көрсөтүлгөн. Авторефераттын көлөмү резюмелерди кошпогондо белгиленген талаптан ашкан эмес. Жалпысынан, диссертациялык изилдөө ийгиликтүү иштелген, өз алдынча аткарылган, толук бүткөрүлгөн иш катары оң баага татыктуу. Аталган ийгиликтер менен кошо ***айрым мүчүлүштүктөр*** да байкалды, алар:

***Биринчиси,*** диссертацияда изденүүчү проблеманы кеңири масштабда алганына байланыштуу Кыргызстандагы ушул маселеге байланыштуу айрым байкоолорун кыстара кетсе болмок, ошондо иш мындан да кызыктуу жана таасирдүү чыкмак. Иш Кыргызстанда корголуп жаткандан кийин бул маселе изденүүчү тарабынан аткарыла турган иштердин негизги бөлүктөрүнүн бири экенин айтпай кетүүгө болбойт.

***Экинчиси,*** жалпы корутунду ынанымдуу чыгарылган, милдеттердин ар биринин чечилишинин деңгээли көрсөтүлгөн, ал эми изилденип жаткан проблемага жалпы адамзатка таандык болгондуктан, практикалык сунуштарда азыркы мектеп окуучусунун мисалында бардык мамлекеттерге тиешелүү адабий билим берүүнүн жалпылаштырылса, иштин мазмуну мындан да сапаттуу болмок.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлин төмөндөтпөйт. Себеби, диссертациянын жыйынтыктары окуучунун окурмандык кызыгуусун калыптандыруу багытында

окутуунун теориясы менен практикасына олуттуу салым кошо ала турган изилдөө катары өз ордун тапкан.

Кунекова Турсын Мырзабековнанын “Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу окуучулардын окурмандык кызыгуусун калыптандыруунун методикалык негиздери” деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү” Жобосунун талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Кунекова Т.М. 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз адабияты кафедрасынын кеңейтилген (педагогика жана психология кафедралары менен биргеликте) жыйынынын отурумунда 2017-жылдын 5-декабрында (№ 24-протокол) талкууланып, бекитилди.

Отурумдун төрагасы,
педагогика илимдеринин
доктору, доцент **Акматов Б.М.**

Катчы: Жакыпбекова А.К.

Дата поступления отзыва:
12 дек. 2017
Уч. секр. ДС Д 13.16.527
Осмурбаева ДК